КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө БИЛДИРҮҮСҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 27-декабрындагы № 2021-П-07/74-1-(ДКП) токтому менен бекитилген.

**Бишкек**
**2021-ж., декабрь**

Бул документте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) 2022-жылга карата акча-кредит саясатынын багыттары жана тактикалык милдеттери аныкталат.

Документ Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген Орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

***Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү***

COVID-19 жаңы штаммдарынын жайылышына байланыштуу чектөө чараларынын таасири жана калкты эмдөө процессинин күтүлгөндөн да жай арымда жүрүшү бүтүндөй 2021-жыл ичинде дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө ооздуктоочу таасирин тийгизген. Глобалдуу логистикалык процессте сакталып турган чектөөлөр пандемиянын кесепеттерин кыскартууга багытталган демилгелөөчү чаралардын натыйжасы менен бирге дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө жогорку инфляциялык таасирди шарттаган.

Мындай шарттарда Кыргыз Республикасында да 2021-жылы ар кандай монетардык эмес таасирлерден улам инфляциялык процесстердин күч алышы байкалган. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын өсүшүн шарттаган негизги факторлор төмөнкүлөр:

- дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын туруктуу негизде өсүшү жана глобалдуу финансылык рыноктордо өзгөрүлмөлүүлүктүн көбөйүшү;
- администрациялануучу баалардын жана тарифтердин жогорулашы;
- суу тартыш болгондуктан 2021-жылдын жаз-жай мезгилинде алгылыксыз климаттык шарттар, ал 2021-жылы айыл чарба продукциялар көлөмүн кыйла төмөндөткөн. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматы боюнча 2021-жылы республика боюнча буудайды дүң топтоо 45,5 пайызга, арпа – 55,2 пайызга, картошка – 10,1 пайызга, бакча өсүмдүктөрү – 6,7 пайызга, мөмө-жемиш өсүмдүктөрү – 6,5 пайызга жана жашылчалар – 2,4 пайызга кыскарган;
- энергетикалык ресурстарга баалардын дүйнө жүзү боюнча жогорулашына байланыштуу күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын олуттуу өсүшү.

Аталган факторлордун таасири астында монетардык инструменттердин баа деңгээлине таасири кыйла чектелген.

2022-жылы товарларга дүйнөлүк сунуш жана суроо-талап ортосунда дисбаланстын күтүлгөндөй эле азайышына карабастан мындан ары да глобалдуу суроо-талаптын калыбына келиши 2022-жылдын биринчи жарымында дүйнөлүк азык-түлүк товарларына баалардын андан ары өсүшүн шарттайт, бул Кыргыз Республикасында баалардын жалпы өсүшүнүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. 2022-жылдын биринчи чейрегинде алкоголдук жана тамеки продукцияларына акциздердин план чегинде жогорулашы бүтүндөй жыл ичинде баалардын жалпы деңгээлин жогорулатуу динамикасын чыңдаган фактордон болот. Мындан тышкары, 2022-жылдын экинчи жарымында кошумча инфляциялык тобокелдик катары мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу кызматтарга жана товарларга баалардын өсүшү саналат.

Инфляциялык процесстердин күч алышы тобокелдигинин башка маанилүү фактору катары 2022-жылы Борбордук Азияда суунун тартыштыгы саналат: жаз-жай мезгилинде жогору температура жана өсүмдүк өсүп чыккан мезгилде суунун тартыштыгы 2022-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн кыскарышын жана кошумча инфляциялык басымды шартташы мүмкүн.

2022-жылы Улуттук банк баа туруктуулугун камсыздоого багытталган акча-кредит саясатын улантат. 2022-жылга акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү катары инфляциянын орточо деңгээлин 12 пайызга чейин кармап туруу белгиленген. Улуттук банк максаттуу деңгээлге жетүү үчүн монетардык саясаттын бардык инструменттерин колдонот.

Алдыга коюлган максатка жетиш үчүн акча-кредит саясаты белгиленген өнүктүрүү багыттарын эске алуу менен жүргүзүлөт, мында акча-кредит саясатынын инструменттерин

өркүндөтүүгө, чечимдерди кабыл алуу процессин жана акча-кредит саясатынын коммуникациялык түзүүчүсүн жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулат.

Туруктуу баа деңгээлин колдоого алуу, алгылыктуу инфляциялык чөйрөнү түптөө, банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыздоо, финансылык ортомчулук деңгээлинин андан ары өсүшү, ошондой эле заманбап финансылык технологиялардын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүшүнүн ажыратылгыс, демек, калктын бакубат жашоо деңгээлин жогорулатуу шарттары болуп саналат.

Улуттук банк туруктуу негизде инфляцияга тышкы жана ички факторлордун таасирине баа берүү ишин улантат жана кеңири аналитикалык-болжолдоо инструменттерин колдонуу менен макроэкономикалык болжолдоолорду түзүүдө салмактанган жана консервативдүү ыкмага таянат.

Акча-кредит саясатынын багытын тандоо макроэкономикалык болжолдоолорго талдап-иликтөөлөргө негизденет жана ал акча-кредит чечимдеринин өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизүү мезгилин эске алуу менен келечекке багытталат.

***Акча-кредит саясатынын чаралары***

Орто мөөнөттүү келечекте инфляцияны таргетирлөө режимине карата акырындап өтүүнүн алкагында Улуттук банктын күч-аракети төмөнкүлөргө багытталат:

- акча-кредит трансмиссиясынын пайыздык каналдарынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана банктар аралык акча рыногун өнүктүрүү аркылуу акча-кредит саясатынын чараларынын экономикага таасирин өткөрүү механизмин өркүндөтүүгө;
- акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатууга;
- банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыздоого;
- акча-кредит саясатынын коммуникациялык түзүүчүсүн күчөтүүгө.

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чен) негизги инструмент катары, ал эми акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендери – акча-кредит саясатынын операциялык көрсөткүчү катары сакталууда.

Негизги чен боюнча чечимдерди кабыл алууда Улуттук банк тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасында түптөлгөн жагдайга комплекстүү макроэкономикалык талдап-иликтөөлөргө негизденет. Мында, Улуттук банк инфляциялык динамикага олуттуу таасирин тийгизген тышкы жана ички факторлорго талдап-иликтөөлөргө өзгөчө көңүл бурат. Айкын инфляция болжолдонгон багыттардан кыйла жана узак мөөнөт аралыгында четтеген учурда, Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатка кошумча корректировкаларды киргизиши мүмкүн.

Улуттук банк негизги ченди белгилөөдө акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган чечимдер өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө белгилүү бир лаг менен таасирин тийгизе тургандыгын да эске алат.

2022-жылы акча-кредит саясатынын тактикалык кадамдары банк тутумундагы ликвиддүүлүк боюнча жагдайды, ички акча жана валюта рынокторун өнүктүрүү келечегин эске алуу менен, ошондой эле негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасына жараша түзүлөт.

Улуттук банк инфляциялык басымды чектөө максатында, ачык рынокто операцияларды ишке ашыруу жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салууну улантат.

Зарылчылыгына жараша, Улуттук банк тарабынан банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо жана анын ичинде банк тутумунун керектөөсүн эске алуу менен экономиканын негизги тармактарын андан ары кредиттөө максатында, кайра каржылоо инструменттери

аркылуу улуттук валютада узак мөөнөттүү ликвиддүүлүктү сунуштоо операцияларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгү каралат.

Өлкөдө макроэкономикалык саясаттын тиешелүү деңгээлде жүргүзүлүшү көбүнчө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Улуттук банктын жана башка мамлекеттик органдардын, анын ичинде өлкөлөрдүн бюджет-салык жана акча-кредит саясатын ишке ашыруу алкагында талаптагыдай өз ара иш алып баруусуна жараша болот. Акча-кредит жана бюджет-салык саясатынын кыска мөөнөттүү чаралары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин алкагында макулдашылат жана координацияланат.

Улуттук банк финансы рыногунун катышуучуларына жана коомчулукка орун алышы ыктымал болгон ички жана тышкы тобокелдиктерди жөнгө салууда кабыл алынуучу чечимдер тууралуу маалымдап турууну мурдагыдай эле улантат.

***Валюта саясаты***

Монетардык саясаттын экономикага натыйжалуу таасиринин маанилүү шарты катары өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саналат. Бул багытта Улуттук банк Кыргыз Республикасында кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режимине таянуу менен иш алып барууну улантат, бул режим ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата суроо-талап жана сунуштун катышы менен аныкталат.

Улуттук банктын валюта рыногундагы иш-аракети волатилдүүлүккө жараша жана трендди эске алуу менен алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн жөнгө салууга багытталган.

***Финансы секторунун туруктуулугун камсыз кылуу***

2022-жылы Улуттук банктын банк сектору жана микрокаржылоо сектору менен биргеликте жүргүзгөн иши 2022-2025-жылдарга каралган банк жана микрофинансылык секторлорду өнүктүрүүнүн негизги багыттары бекитилгенден кийин ишке ашырууга багытталат.

Жөнгө салынуучу финансылык уюмдар тарабынан сунушталган сактык жана кредиттик продукттарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, жана калктын финансылык сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу максатында, Улуттук банк мамлекеттик органдар менен биргеликте жана Эл аралык финансы корпорациясынын көмөктөшүүсү менен финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегияны ишке ашыруусу күтүлүүдө.

2022-жылы банк тутумунда туруктуулукту сактоо максатында, банк ишине мүнөздүү тобокелдиктерди аныктоого жана жөнгө салууга, коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө системасын күчөтүүгө, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча улуттук системаны жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле кредиттердин, анын ичинде өлкөдө COVID-19 пандемиясынан улам келип чыккан эпидемиологиялык абалга байланыштуу реструктуризацияланган кредиттердин сапатын талдап-иликтөө жана коммерциялык банктар тарабынан керектөөчүлөрдүн укугун коргоо иш-чараларынын аткарылышын контролдоо иштери улантылат.

Мындан тышкары, банк ишин жөнгө салууну өркүндөтүү иши да, эл аралык алдыңкы тажрыйбаларды эске алуу жана ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү менен жүзөгө ашырылат.

Улуттук банк санариптик төлөм технологияларын жана инструменттерин өнүктүрүүгө мындан ары да көмөктөшүүнү, банктык кызмат көрсөтүүлөрүнүн керектөөчүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүнү көздөйт. Ошондой эле санариптик валюталар менен иш алып баруу ыкмаларын иштеп чыгуу жана виртуалдык активдерди мындан ары да жайылтуу иштери улантылат.

Финансылык уюмдарда кардарларды электрондук түрдө толук тейлөө шарттарын түзүү максатында, өз ара иштешүүнүн ар башка интерфейстери аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу менен катар эле, электрондук кол тамганы колдонуу үчүн укуктук базаны калыптандыруу пландаштырылууда.

Улуттук банк коммерциялык банктардын сооданы каржылоо операцияларын ишке ашыруу механизмдерин өнүктүрүү иштерин улантат.

***Коммуникациялык саясат***

COVID-19 пандемиясынан улам орун алган социалдык-экономикалык туруксуз мезгилде экономика субъекттеринин аралыктан иштөө зарылдыгы келип чыккан шартта, монетардык саясаттын коммуникациялык түзүүчүсү өзгөчө актуалдуу болушу күтүлөт. Ошондуктан, коомчулуктун жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына ишенимин арттыруу үчүн, Улуттук банк өз иши тууралуу маалыматтын ачык-айкындуулугу жана транспаренттүүлүгү боюнча саясатын улантууну көздөйт. Ошондой эле жөнгө салуучу коммуникациялык саясат инструменттерин өркүндөтүү аркылуу коомчулуктун жана экономика субъекттеринин алгылыктуу инфляциялык күтүүлөрү жана Улуттук банктын орто мөөнөттүү келечектеги акча-кредит саясаты боюнча чечимдери тууралуу күтүүлөрү калыптануусуна өбөлгө түзөт.